УДК 070.41+82-92
DOI 10.35254/bsu/2025.74.33

***Токтогулова А.Т.***
*Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети,*
*ага окутуучу*
*toktogulova-92@mail.ru,*

# АНАЛИТИКАЛЫК ЖУРНАЛИСТИКАНЫН БАГЫТТАРЫ

**Кыскача мазмуну**

Макала журналистиканын аналитикалык жанрынын, анын мазмуну, формасы жана заманбап маалымат каражаттары менен мезгил басмасында колдонулуу багыттарын комплекстүү жана терең изилдей берет. Автор аналитикалык журналистиканын методологиялык негиздерин деталдуу талдап, фактыларды терең жана куруулай изилдөө, алардын түп себептерин, маанилерин жана коомдук өнүгүүнүн узак мөөнөтүндөгү кесепеттерин так жана ачык аныктоого багытталган. Иштин журналистиканын мамлекеттик институттар жана өкмөт органдарынын иш-аракетине карата коомдук көзөмөлдөөнүн эффективдүү каражаты катары маанилүү жана критикалык рөлү дал ачылат коомчулук үчүн. Автор аналитикалык материалдарды жогорку сапада түзүүнүн узак убакыт, жогорку кесипке билгилүүлүк, терең аналитикалык ойлоо, критикалык жана стратегиялык ой жүгүртүү жана бийик этикалык принциптүүлүктү жана объективтүүлүккө катуу талап кылаарын так тастыктайт.

**Ачкыч сөздөр:** жанрдык өзгөчөлүккүн талдоо, аналитикалык методология, себепсалык байланышы, коомдук жооптулук институттары, маалыматтын объективтүүлүгү, журналисттик этика принциптери, сынык ойлоо жана анализ, медиа социалдык миссиясы, изилдөө журналистикасы техникасы, кесипке болгон талаптар стандарты

***Токтогулова А.Т.***
*Международный университет Кыргызской Республики,*
*Старший преподаватель*
*toktogulova-92@mail.ru,*

# НАПРАВЛЕНИЕ АНАЛИТИЧЕСКОЙ ЖУРНАЛИСТИКИ

**Аннотация**

Статья представляет комплексное исследование аналитического жанра в журналистике, его содержания, формы и особых направлений применения в современных средствах массовой информации и периодической печати. Автор детально анализирует методологические основы аналитической журналистики, сосредоточенной на глубоком исследовании фактов, выявлении их коренных причин, значений и долгосрочных последствий для социального развития общества. В работе раскрывается важная роль журналистики как эффективного инструмента общественного контроля над деятельностью государственных учреждений и органов власти, подчеркивается её критическое значение в выявлении актуальных общественных проблем и социальных вызовов. Автор убедительно

доказывает, что качественное создание аналитических публикаций требует значительного времени, высокого профессионального мастерства, углубленного аналитического подхода, критичности и объективности при освещении событий.

**Ключевые слова:** жанровое разнообразие публицистики, методология аналитических исследований, факторный анализ общественных проблем, общественный контроль и надзор, информационная объективность, журналистская принципиальность, критическое мышление журналистов, социальная ответственность СМИ, причинно-следственные связи событий, профессиональная компетентность медиа

***Toktogulova A.T.***
*International University of the Kyrgyz Republic,*
*Senior Lecturer*
*toktogulova-92@mail.ru*

## THE AREA OF ANALYTICAL JOURNALISM

**Abstract**

The article presents a comprehensive study of analytical journalism, its content, form, and specific directions of application in modern mass media and periodical press. The author analyzes the methodological foundations of analytical journalism, focused on in-depth investigation of facts, identifying root causes, meanings, and long-term consequences for social development. It revealed journalism's important role as an effective instrument of public control over government institutions and authorities, emphasizing its critical significance in identifying urgent public problems and social challenges. The author convincingly demonstrates that creating quality analytical publications requires considerable time, high professional expertise, in-depth analytical approach, and critical thinking.

**Keywords:** genre diversity in journalism, analytical investigation methodology, causal relationship analysis, public accountability mechanisms, information objectivity standards, journalistic ethical principles, critical analytical thinking, media social responsibility, investigative reporting techniques, professional competence requirements

**Киришүү**

Кайра куруу мезгилинде массалык маалымдоо каражаттарынын катуу көзөмөл болбой плюрализм көз караштардын ар түрдүүлүгүнө жол берилип саясий цензурага тыюу салынган. 1991-жылдын августунан кийинки саясий бурулуш Кыргызстанда мезгилдүү басма сөздүн өнүгүшү үчүн кенен жол ачты. Өзүбүз күбө болгондой, 1991-жылдын август айына чейин СССРде массалык маалымат каражаттарынын негизинен кожоюну мамлекет менен мамлекетти башкаруунун өзөктүү механизми КПСС эле, айрым коомдук уюмдарынын басылмалардын эсепке алуу анча деле зарылдыгы жок.

**Изилдөөнүн методологиясы.**

1992-1993-жылдары газеталардын саны азайса да Кыргызстандагы мезгилдүү маалымат каражаттарынын калыптануусундагы бурулуш жол болду десек жаңылышпайбыз. Бул ММКнын структурасына олуттуу өзгөрүүлөр кирди (жаңы басылмалар пайда болду). Дүйнөлүк тажрыйбалар көрсөткөндөй өткөөл учурдагы коомдо саясий бийликтин фактору, саясий эрк негизинен турмуш-тиричилигинин башкы өнүгүү багытын аныктайт. 1993-

жылы буйрутма макалалар жарыкка чыга баштады чаржайыт менчиктештирүүдөгү жол ачты. Кыргызстандагы саясий-экономикалык жагдай ушул эки багыттагы басылмаларга шарт түзүлдү; биринчи бийликтин өкмөттү колдогон гезиттер экинчиси өкмөттүк эмес ар кыл басылмалар. Демократиялык өлкөнү курууга багытталган **[1. с.41].** Эксперттердин Кыргызстан үчүн бийликке өкмөттүк басылмалардын келечеги тар болчу, анткени алар мамлекеттик бюджеттен каржылык кылчу ошондуктан алар бир тараптуу маалымат берип турган, өкмөттүк эмес же менчик гезиттердин саны өстү. Демократиянын чоң жениши болуп ар түрдүү типтеги басылмалар жарык көрдү. Акыркы он жылдын ичинде ар кайсы чөйрөлөрдө иштеген тармактык газеталар, жалпы коомдук-саясий чөйрөнү камтыган басылмалар пайда болду. Элге оперативдүү маалымат берүүчү гезиттер төмөнкүлөр «Кыргыз Туусу», «Слова Кыргызстан», «Асаба», «Вечерний Бишкек», «Эркин Тоо», «Кут билим», «Кыргыз Руху», «Республика, «Дело №», «Аалам» болуп саналат **[2].**

**Талкуу.**

Шайлоо, референдум сыяктуу саясий компанияларда соттошуу процесстерине чейин барышат. Газеталардын айрымдары рыноктун сыноолоруна туруштук бере албай жабылууга дуушар болууда. Басма сөзүнүн жогорудай типтери жаралуу менен алардын саясий багыттары бир топ өзгөрдү. Өкмөттүк жана эркин гезиттердин айрым көрүнүштөрдүн тегерегинде бирине-бири кайчы пикирде. Басма сөздө сандык өсүш менен катар сапаттык жогорулоо болду. Бир топ газеталар чыныгы коомдук пикириди жаратып, популярдуулукка жетишип олтурат. Демократиялык айкындулук, маалымдуулук бүгүнкү күндө коомдун алдында жоопкерчиликке алдырды. Гезиттердин тарыхый эволюциясы ар бир доордо өзүнүн кызмат аткарып келет. Алар ар кыл мезгилде кырдаалга көз каранды.

Юстиция министрилигинин расмий маалыматы боюнча 1991-2001жылдары республикада 398 массалык маалымдоо каражаттары катталган, алардын ичинен 255 гезит түзөт. Алар мамлекеттик бюджеттен жана жеке менчик булагынан каржыланат. Кандай учур болсо да гезиттер коомдо өзүнүн милдеттин аткарып келет. Акыркы мезгилде Кыргызстанда гезиттер көбөйүп алар саясий буйрутмаларды аткарып алар окурмандарга бир гана саясат жөнүндө руханий маалымат аз берилип жатат. Жыйынтыгында, жарандарыбызды саясатташтырып жатабыз. Публицистикада аналитикалык жанрды колдонуу өзгөчөлүгүн аныктоо –илимий иштин негизги максаты болуп саналат. Пайдалануунун жана колдонуунун шарты боюнча гезит кескин түрдө башка жанрлардан айырмаланарын эске алуу керек.

«Пусть будет язык Карамзина, Филарета, попа Аввакума, но только не наш газетный», - деген Лев Толстой. 1889-жылы А. Чехов В. Тихоновго жазган катында «я и неподозревал, что Вы так хорошо владеете газетным языком. Чрезвычайно складно, гладко, протокольно и резонно. Я даже позавидовал, ибо этот газетный язык мне никогда не давался» - деп белгилеген. Азыркы жазуучу А.Прохоров мындай пикирди минтип баалайт. «Принято нападать на газетный язык, мы называем его “суконным". Но этот стиль универсален, незаменим и, если хотите, изыскан: он отшлифован, экономичен, он прошел отсев, отбор временем, которое убрало из него все лишнее» **[1. б. 7,8.].**

Жалпыга маалымдоо каражаттары окурмандын акылына жана сезимине таасир тийгизиш үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланат. Башка адабий тилдеги стилдерден айырмаланып, гезит публицистикалыкта ынандыруу тилдин негизги функциясы болуп аткарат, анткени газетада агитациянын мүнөзү өзгөчө күчтүү болот. Ал эми эгерде публицистикада ча-

гылдырылган маселелер саясый мазмунда, саясий боёкчодо болсо, анда тилдик каражатты тандоодо максаттуу, аң сезим менен мамиле кылынат. Гезиттик публицистикалык стилде баалоо категориясы өзгөчө роль ойнойт.

Баалоолук публицистикада ошондой эле спецификалык чөйрөдөгү жеке атты камтыйт. Баалоолук принцип жеке, индивидуалдуу эмес социалдык мүнөздө экенин белгилеп кетүү зарыл. Анткени гезиттеги сөз жеке авторго тиешелүү эмес, ошондой эле уюштургуч катары кимдин пикирин, кимдин саясатын билдиргиси келсе, редакцияга, жалпы группага, мекемеге, союзга, партияга, класска коллективдүү пропагандистке, агитаторго тиешелүү болот. Гезиттик сөздүн күчү жана салмактуулугу дал ушунда жатат. Гезит публицистикалык сөз биринчи кезекте жалпы окурманга тийгизген таасири менен айырмаланат, ошол үчүн окурмандын кызыкчылыгын максималдуу эске алат. Журналисттик чыгармачылык процессинде тиешелүү форма, каражат, баалоонун ыгы, ар кандай кубулушка, предметке, адамга, коомдук саясый жашоонун процессине мамиле иштелип чыгат. Ушул форма жана баалоонун ыгы жалпыга таралып, социалдык түрдө бекилип, салттуу гезиттик болуп калат.

Гезиттик тилдин эң негизги өзгөчөлүгү анын жалпыга түшүнүктүүлүгү, комуникативдик жалпы коомго маанилүүлүгү эсептелет. «Особенность газетного слова, заключается в том, что оно обращено ко всем, всем, всем. Газету читают академики и рядовые рабочие, старики и молодые, учителя инженеры, врачи... Газету читает народ. Через газету партия ежедневно разговаривает с народными массами о самых важных первостепенных политических, хозяйственных, культурных вопросах в том числе и о художественной литературе. Поэтому газетное слово должно быть простое слово, обладающее, однако, способностью очень ясно и очень точно выражать самые сложные понятия» деп белгилүү журналист Д. Заславский айткан **[3. б. 51].** Гезиттик материалдар окурмандардын составынын ар түрдүүлүгүнө карабай баардыгына бирдей, түшүнүктүү каражаттарды тандоо принциби аныкталат.

**Натыйжа.**

Эң негизгиси бул жерде тилдин периферниясында турган жана түшүнүгү бүдөмүк оор маанидеги сөздү алып салуу тенденциясы күч алган. Гезит тилине жеке адистик терминдерди, диалектизм, арготизм, поэтизмдер, варваризм, жеке неологизм ж.б. сөздөрдү колдонууга мүмкүн болсо да, аларды колдонуу анча практикаланбайт. Маалыматты түшүнүү үчүн эмне кыйынчылык туудурса, алардын баары алынып салынат. Бирок Б.В. Кривенко белгилегендей: Следует отметить и противоположную тенденцию, вызываемую к жизни острой потребностью газеты в экспрессивных обозначениях, появление средств индивидуального словоупотребления. Гезиттик публицистикалык стилге экспрессивдүүлүк өзгөчө мүнөздүү **[4]**.

Эгерде көркөм адабиятын негизги принцибин образдуулук түзсө, башка стилдерде ал анчалык зарыл эмес. Көркөм адабиятта жазуучу публицистикалык чегинүүгө дайыма кайрылат. Ал эми публицистикада ар кандай көркөм сөздүн элементтерин ар түрдүү багытта колдонууга болот, бирок публицистикалык жанрды аткарган башка стилдин да колдонулушу газеталык жанрдын өзгөчөлүгүн түзөт. Аналитикалык жанрдын экспрессивдүүлүгү ачыктыгы образдуулукка барып такалбайт жана аны менен чектелбейт. Жазуучунун милдети чындыкты элестетип, сүрөттөп көрсөтүү, алар жараткан сүрөт, персонаж аркылуу өзүнүн симпатия жана антипатиясын көрсөтө алат. Бул жерде ишендирүү, баалоо экинчи орунда турат. Публицист түз жана ачык агитациялайт, ишендирет, пропагандалайт. Бул

жерде ишендирүү функциясы биринчи орунда турат, ал эми сөздүн мааниси эмоционалдык боёкчону чагылдырат.

Гезит экспрессивдүү каражатка абдан муктаж, бирок бул экспрессия социалдык мүнөздө, максатка багытталган баалоо экендигин белгилеп кетет. Метафора, эпитет, салыштыруулар өзгөчө роль ойнойгондуктан, гезиттик аналитикалык жанрда кеңири колдонулат. Татаал жасалма метафоралар, эпитеттер, мисалы, поэзияда же прозаикалык жанрларда кеңири колдонулса, ал эми алар жалпы коммуникациянын жаратылышына карама каршы келет. Гезиттик жанрдын өзгөчөлүгүнүн эстетикалык критерийи болуп жөнөкөйлүк жана ачыктык аткарат. Г.Я. Солганик белгилегендей «метафоры в газетно публицистической речи используются не столько для образности, сколько для создания оценочного эффекта, положительного или отрицательного (торжественности, утверждения, осуждения, иронии и т.п. **[1. б. 37.].**

Эгерде гезиттик публицистикалык стилдин жалпы экспрессивдүүлүгү жөнүндө айта турган болсок, анда метафора, эпитет, салыштыруулардын негизи болбойт. Экспрессивдүү манилүү болуп бардык каражаттар саналат, анткени алар публицистикалык идеяларды ишке ашырат. Мына ошол үчүн публицистикада (көркөм адабияттагыдай) так жана ачык, таасирдүү жана ачык айкындуу сөздү тандоо маанилүү болуп эсептелет. Публицистикалык сөздүн эң негизги принциби, аны уюштурууга негиз болгон, тикеден тике автордук «мен» болот, ал эми көркөм кепте бул маселе шарттуу түрдө берилет. Көркөм чыгармада көркөм сөз каражаттары көп колдонулса, ал эми гезиттик публицистикалык жанрда андай шартуулук болбойт. Публицист эмнени кана айтпасын, сөзүнүн структурасында түз жана тикеден тике өзүнүн, эмоция баасы, ой пикири, кызыгуусу, темага болгон мамилеси көрсөтүлөт.

Автордун активдүү позициясы көркөм адабиятка салыштырмалуу публицистиканы күчтүү, таасирлүү кылат. «К особенностям газетно публицистической речи следует отнести и особый характер ее стандартизованности» деп белгилейт В.Г Костомаров **[5. б. 29.].** Стандарт гезиттик тилдин өзгөчө жана мүнөздүү каситети. Коомдук ишмердүүлүктүн бардык түрүндө публицистикалык жанрды колдонбой коюу мүмкүн эмес. Сөздү стандартташтыруу деген белгилүү бир коомдук чөйрөнүн тарыхый доордун, адабий агымдын, жанрдын, жазуучулук жеке манерасынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык уюштуруу. Жанрдык стандартташтырууда биринчи планга тексттердин композициялык кептик түзүлүшүнүн принциптери, синтаксистик курулушунун өзгөчөлүгү чыгат. Ошондуктан гезиттик сөз стандартташтыруунун негизги спецификасы социалдык баалоо мүнөздө тургандыгыганда **[6. б. 3.**].

Гезит өзүнүн көп түрдүү жанрлары менен аларды колдонуу аркылуу эмоционалдуу өзгөчөлүк берип агитациялаган, пропагандалаган, баалаган стандартка багытталат. «Любое выражение, особенно то, которое рассчитано на эмоциональное, экспрессивное воздействие, стечением времени теряет свою выразительную силу, превращается в штамп и подлежит замене или обновлению» дейт Е.И. Журбина **[7, б. 60].**

Жыйынтыктап айтканда, гезиттин тили өзүнүн ачыктык, таасирдүүлүк, эмоционалдуулук, өзүнүн эстетикалык идеалы, ресурстары бар адабий тилдин өзгөчө бир түрү. Ал эми мезгилдүү басылмалардын чыгуу мөөнөтү күн сайын, жума сайын, ар бир айда чыгап турат. Мезгилдүү басылмаларды классификациялап жатышканда айрым учурларды илимий деп өзүнчө бөлүшөт бирок, сөздү салттуу түрдө эки топко бөлүп келишет – гезит жана журнал.

Гезиттеги материалдарга анализ берүүдө жана аны синтездөөдө гезиттерге өзүнчө образдуу жана бир окуянын көп

түрдүүлүгү кандайча чагылдырылышы жана маалыматтын келип чыгышы журналисттер үчүн маанилүү. Белгилей кетчү нерсе, газета маалымат берүүдө анын өзгөчөлүгү анын ыкчамдуулугунда, башкача айтканда оперативүүлүгүндө. Мезгилдүү басма сөз же газета мамлекетик идеялогиялык таасир этүүчү курал катары пайдаланууга болот. Ошондуктан расмий эмес, бийликтин төртүнчү бутагы деп аташат (мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бийлигинен кийинки).

Газетанын тарыхый булак катары изилдөөдө ар тараптан болот, анткени адамдардын ишмердүүлүгүн жөнүндө маалымат берип, изилдөөгө чоң мүмкүнчүлүккө жол ачып берет. Газетанын мазмунуна жана структурасына карата 3 топко бөлүнөт:

1. Маалыматтык топто окуяны факты менен чагылдарат. Негизги жанрлар заметка, отчет, репортаж, маек алуу.

2. Аналитикалык жанрга корреспонденция жана рецензия кирет. Бул жанрда автордун ой-жүгүртүүсү окуя болгон анализ берүү анын билими жана адистик деңгээлинен көз каранды.

3. Көркөм-публицистикалык жанрга очерк, фельтон, пафлет кирет. Мында окуяларга адабий ой-жүгүртүү менен баа берет.

Мезгилдүү басылмалардын көп узак жашашы кыйын газеталар дагы «Демографиялык кырдаалдын курмандыгы» болушат. Көп гезиттер ачылып бир канча убакыт өткөндө жабылып калат алардын ордун жаңы башка аталыштагы чыккан гезеталар ордун басат. Мисалы Ош шаарында акыркы 3 жылдын ичинде ар кандай себептерден улам 8 гезит жок болуп кеткен. Гезит менен журналдар айырмасы форматы жана тематикасы, мазмуну, чыгаруу, мүмкүнчүлүгү менен окурмандардын аудиториясы менен айырмаланат. Бүгүнкү күндө массалык маалымат каражаттарынын укуктук ишмердүлүгү алардын укуктарын жана милдеттерин жөнгө салуучу атайын мыйзамдын негизинде караган. Идеологиялык багытты редакцияга көз каранды. Массалык маалымат каражаттарынын ичинен газета-журналдардын орду өтө маанилүү анткени алар комплексттүү маалымат, каражатты болуу менен коомго өзгөчө таасир берүүчү күчкө ээ.

Журналисттер үчүн газета алгачкы кадам болуп эсептелинет, эң биринчиден факты менен аргументке анализ берүү идеологиялык таасирин аныкталышы редакцияга көз каранды, коомдук пикирди жаратат. Алар коомго тазаланган же синтезделген маалыматтарды берүү менен бирге маанилүү окуяларды билдирүүлөрдү, коомдогу социалдык топтордун кызыкчылыгын жана көйгөйлөрүн чагылдырып ачып берет. Басылмалар өкмөттүк, ведомстволор саясий партия коомдук профсоюздук уюмдар, илимий мекемелер ж.б. газетанын географиялык мейкиндиги таралашы шаардык, областтык, райондук айыл-кыштарга жеткирүүдө бар.

Бийликке карата газеталардардын мамилеси: расмий, оппозициялык маалымат жайгаштыралат. Журнал газетадан айырмаланып чыгарылыш менен жана форматы материалдын көлөмү айырмаланат. Газета күн сайын жума, ай сайын, жарык көрсө, журнал болсо айына бир гана жолу жарык көрөт. Журнал газетадан айырмаланып, оперативдүү боло албайт анткени гезетадан журнал стили менен айырмаланып турат, газетадан мүнөзү репортажы жана заметкалары окурмандарга ыкчам маалымат берет журналдык жанрларда маектери аналитикалык макалалар менен өзгөчөлөнөт. Газета-журнал коммерциялык жол каражат табуу мүмкүнчүлүгү бар. Алар өзү рыногунда башка гезиттер атаандаш болуусу зарыл. Журналдын да газета сыяктуу аныкталган аудиториясы бар, жана ар кандай тематикасы менен өзгөчөлөнөт.

Журналдар атайын өзүнүн багыттары боюнча бөлүнөт: илимий, экономикалык бизнес ден-соолук ж.б. Журналдардын ички структурасы жана композициялык өзгөчөлөнүп турат. Газетадагы бөлүмдөр

жана рубрикалар жана кошумча очерктер публицистикалык материалдар менен толукталат ал эми адабий журналдар критикалык макала жана библиографиялык тактыктанамалар да болот. Газет кагаз түрүндө болсо, журнал – китепче түрүндө болот газетталар адаттагыдай эле массалык түрдө көп чыгат. (мисалы жумасына бир жолу жарык көрсө 24 беттен турат). Газета канчалык көп пландуу болгон сайын максаттары ошончо ар түрдүү аларды изилдөө ыкмасы да ошончолук көп түрдүү болот. Басылманын рынок шартында атаандаштык үчүн күрөшү керек анткени менчик гезиттер менен өкмөттүк гезиттердин ортосунда күрөш жүрүп жатат.

Гезит менен иштөөдө 2 чоң ыкма бар. Алар булактаануучулук өзгөчөлүгү менен айырмаланат **[8, с. 496.]**

1. Мезгилдүү басылмалар ар тараптан изилдөөгө булак болот
2. Булактарды жеке тема тексттер боюнча изилдөө.

Россияда салттуу түрдө гезеттерди тарыхый булак катары ыкмалар бар.

1. Библиографиялык ыкма - газетанын номери так жазылышы керек.
2. Тарыхый адабий ыкма - басылып чыккан материалдардын авторун, редакторун, басманын аталышы берилет.

Газета көп адамдардын аракетинин негизинде ишке ашат, башкача айтканда автор редактору корректору журналист, баяндамачы жана типография ж.б. Бүгүнкү күндө газетанын келип чыгышы боюнча ар түрдүчө пикирлер бар чыныгы кайсы өлкөдө пайда болдугу жөнүндө карма-каршы пикерлерди жаратып келет. Байыркы Юлий Цезарь учурунда кол жазуулар жаңылыктар берилип турган «Деяния сената» жана «Ежедневные общественные деяния народа» деген “баракчалар” чыккан. Бул гезиттер тарыхынын башталышы деп эсептелет.

Басма сөз пайда болгондон баштап коомдо анын кадыр баркы болуп көрбөгөндай өскөн. Гезиттерге чагылдырылган материалдар коомдо агартуучулук кызмат аткаруу менен коомго маалымат берүүчү көпүрө боло алган, ошондой эле мезгилдүү басма сөз көп кызматты аткарып тарыхый булак катары, ар кандай ыкма жана методика менен изилдеп келе жатабыз. Учурда булактануучулар гезиттерди изилдөө менен катар жалпы методдору булактаануга зарыл болгон системасын түзүү өзгөчө ыкмаларын, газетага жарыяланган материалдарынын жанры боюнча теги түрдүүлүгү, дифференция мамиле керек. Анткени гезета булагы болуп эсептелинип көп пландуу материал ар кандай чыккан болсо, ар кандай мамиле жасоо керек.

Маалыматтардын формасына газетный отчет (кыскача же толук), репортаж, маектешүү (интервью) кирет. Маалыматтар ар кандай булактардан түзүлөт **[9, с. 496].** Аналитикалык жанрда жазылган маалыматтардын күчү катылуу маалыматтарды ачыктоо, коомдун саясий турмушуна тийиштүү сырларды (мамлекеттик сырлардан башка) жалпы коомдун талкуусуна чыгарууда турат **[10, с. 198].**

Журналисттик иштеги ар бир тематикалык жана формалык жактан, көздөгөн максаты жана көтөргөн проблемаларынын тутуму боюнча жакындашкан материалдарды жанр катары аныктап журналисттердин өзү үчүн тигил же бул материалды даярдоонун так жол-жобосун көрсөтүп бере алабыз. Окурман өзүнө жакын деген формадагы же жанрдагы материалдарды тандап жана талдап окуганга, маалыматты кайсы басылмадан, кайсы маалымат каражатынан аларды так билгенге шарт түзүп бере алабыз. Бул үчүн жанрдык форманын так болушу абдан зарыл.

Бир нече авторлордун пикирлерине таянып, муну карап көрөлү. Журналистиканын Европада салтуу жанрлары бар. Словакиялык белгилүү журналист, убагында эркин басма сөздүн Бүткүл дүйнөлүк институтунун директору болуп иштеген Татьяна Репкова «Жаңы мезгил: «Демократиялык коомдо профессионалдык гезит кандайча түзүлүш керек?» де-

ген китебинде Европанын тажрыйбаларга таянып журналисттик жанрларды төмөндөгүдөй классификациялайт: Өзүңүз көрүп тургандай, жогоруда сөзүбүздүн башында айтылган «советтик журналистиканын жанрлары» менен «Европанын салттуу жанрларынын» ортосунда кескин айырма деле байкалбайт. Экөөнүн тең жалпылыгы, окшоштугу бар б.а. «аналитикалык жанр» менен «рационалдуу публицистика» же «көркөм-публицистикалык жанр» менен «эмоционалдуу публицистиканын» маанилеш экендигин эч ким төгүндөй албайт. Эң негизгиси журналистик маалыматты жалпылаштырсак ал – жаңылык, анализ жана пикирден турат **[11, с. 256].**

Ошондуктан жанрларды батыштык же советтик деп бөлбөй бирдей деңгээлде колдоно, пайдалана берүү ылайык деп ойлойбуз. Мындан сырткары журналистикада дагы көп жанрлар бар, алардын ичинен 4 жанр эл аралык журналистикага мүнөздүү:

- жаңылык (заметка);
- анализдин элементтери бар жаңылык макала (корреспонденция);
- очерк;
- баяндама (комментарий).

Эми талдап көрсөк, жаңылык (заметка) өзгөчөлүгү мындай:

• фактылар гана;
• деталдардын жыштыгы;
• журналисттин өз пикиринин жоктугу;
• маалыматтын башка окуяга байланышы жана актуалдуулугу.

Теориялык жактан алганда жаңылык жазуу оңой, практика жүзүндө бир топ кыйын. Фактыларга таянган маалыматтын өзөгү жаңылык, окурманга, көрөрманга мурда-кийин боло элек жаңы окуя, жаңы көрүнүш, жаңы факты айтылышы кажет. Ошондо гана өз аты – жаңылыкка төп келет. Анализдин элементтери бар жаңылыктын (корреспонденция) өзгөчөлүгү:

- Фактылардын чегинен чыгып, аларды баяндоо;
- Фактыга таянып багыт берүү;
- Толук маалымат жана тең салмактуулук.

Объективдүүлүк жана тең салмактуулук төмөндөгүлөрдү сунуш кылат:

- жеке пикирдин жоктугу;
- сөз фактылар жөнүндө гана болот;
- фактылардын маалымат булагын көрсөтүү керек;
- анализ ошол фактыларга гана таянат.

Эгер сиз маалымат булагынын пикирин жазсаңыз, анда анын каршылашынын пикирин да сөзсүз келтириңиз. Эске алчу жагдайлар: жазып жаткан окуя качан, кайсы жерде болгонун так жазыңыз; баяндоо үчүнчү тараптын атынан жүрөт; абзацтарды, сүйлөмдөрдү кыска жазыңыз. Бир сүйлөмдө 25 сөз болгону эле ыңгайлуу. Кириш сөздү (лид) да 20 сөздөн ашырбай жазуу максатка ылайыктуу; ар бир абзацта бүткөн бир ой болушу кажет; эң ысык фактылар баяндоонун башында болсо. Ошондо аңтарылган пирамида формасында болот. Мындай материалдар согуш жана тынчтык маселелерин чагылдыруу институтунда (IWPR) көп кездешет. Контекстеги окуяга түшүндүрмө. Эми очерк жанрына келели, анын өзгөчөлүгү:

- сүрөттөө (описание) катышат;
- тарыхты баяндоо кездешет;
- образдарды көркөм сөз каражаттары менен баяндоо;
- көңүлгө дымак берүү ыкмасы;
- элестөөлөргө шык берүү аракети;
- окурманды окуяга аралаштыруу аракети болот.

Баяндаманын (комментарийдин) өзгөчөлүгү:

- кайсы бир маанилүү окуяны чагылдыруу;
- ишенимдүү аргументтерди колдонуу;
- тексттин ынанымдуу жазылышы;
- окуган, уккан адамга түшүнүктүү болушу.
- кимдир бирөө менен эсептешүү маанайы;
- журналисттин жеке пикири;
- кимдир бирөөнүн жеке эмоциясы.

Журналистиканын негизи - бул тең салмактуулук, ар тараптуулук.

Коомдогу окуяларды, көрүнүштөрдү бардык тараптан чагылдыруу - жакшысы, жаманы, кедейи, байы, белгилүүсү, катардагы кишиси. Күтүлбөгөн нерселерге - жаңжал, кырсык, кылмыш, өзгөчө кырдаал, көйгөйгө көңүл буруу керек. Бирок, аларга азгырылып кетпеңиз. Ар бир кырдаалдын, жаңжалдын артында эмне тургааын көрсөтүңүз.

**Тактык**

• Фактыны так жазыңыз;

• Окуянын себебин түшүнүү үчүн фактыларды берүү керек;

• Окурмандын улутун, тилин, дилин сезе билип, чагылдырыңыз;

• Маселени үстүртөн эмес, тереңдеп талдоого алып, иликтеп чыгыңыз;

• Макала көтөрүлгөн маселелер окурманды ойготушу керек;

• Көйгөй маселе коомдо талкуу жараткандай жазыңыз;

• Маселени чечүүнүн жолдорун да айтыңыз.

**Ачыктык**

• Жазылган кабар бүдөмүк нерсе болбош керек. Маалыматтар окурмандын дүйнөнү карай турган терезеси, бара турган жерин көрсөткөн компасы болууга тийиш;

• Коомчулук журналисттер көпүрө болушу зарыл;

• Маалымат коомдун мүчөлөрүн байланыштырыш керек.

**Ишеним**

• Гезит менен телерадиону коомчулук менен байланышын ишеним аркылуу сактап турат;

• Журналист окурмандын ишенимине арзыш үчүн өз баалуулуктарын дайыма сакташы керек;

• Журналист коомдо болуп жаткан окуяга кайдыгер карабай, аны чагылдыруу жоопкерчиликти алышы керек.

**Маалыматтын баалуулугу**

• Маалыматты даярдоо алдында анын коомчулукка, окурманга, маанилүү экендигин ойлонуп жазыңыз.

• Окурманга эмне болуп жатканын түшүндүрүңүз;

• Эмне маанилүү экендигин тандап, окурман маалыматтан пайдалуу нерсе таба тургандай жазыңыз;

• Элге толук маалымат бериңиз, ар бир адам өзүнүн ою менен коомчулуктагы пикирлерди салыштырууга мүмкүнчүлүк алышы керек.

Публицистика кыргыз журналистикасында орду бекемделген мезгилден тарта азыркыга чейин өтө актуалдуу деп эсептелген маселелерди көтөрө билип, жөн гана көтөрбөстөн калктын калың катмарынын ой пикирин жарата алгандыгы менен баалуу. Анткени Саясий публицистика жөнүндө жазылган илимий изилдөө иштери жокко эсе.

Бүгүнкү күндөгү Кыргызстандагы саясий публицистиканын абалы, андан аркы өнүгүп-өсүшү коомго жана илимий изилдөө иштерине таасир берүү күчү кызыктырып келет. Учурдун талабына ылайык азыркы гезиттердин баардыгында сөзсүз түрдө саясий публицистика чагылдырылган. Мисалы «Кыргыз Туусу» газетасы Кыргызстандын тарыхы боюнча тарыхый булак болуп саналат жана бул гезитте саясий публицистика кенен чагылдырылган. Кыргыз Туусу гезитинен чыккан материалдар же маалыматтарды ар тараптан изилдөөгө жол ачып берет. Гезиттер дегеле эле массалык маалымдоо каражаттары эл менен көпүрөлүк кызматты аткарып келишет. Коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык окуяларды окурмандарга жеткирүү менен коомдук пикирди жаратуучулар.

Мезгилдүү басылмаларды колдонууда бир нече ыкмалар колдонулат, алардын негизинде ишенимдүү булак алууга болот. Кыргызстанда «Эркин Тоо» газетасынын артынан бир нече гезит журналдар пайда болду. Совет доорунун бүгүнкү күнгө чейин бир нече газета журналдар жарык көрүп келет. “Кыргыз Туусу” тарыхый ге-

зит деп атоого болот, «Кыргыз Туусу» газетасынын 90 жылдык тарыхында эне тилиндеги чыккан газета болду өзүнүн окурмандык аудиториясы болду. 1924-1927 жылга чейин “Эркин Тоо” 1927-жылдан 1956-жылга 1991-жылга чейин “Советтик Кыргызстан” 1991-жылдын 26-февралынан бери “Кыргыз Туусу” деп аталып келет. «Кыргыз Туусу» көптөгөн кыргыз акындарын багын ачты. Кыргыз элинин тарыхына тиешелүү макала очерктер тарыхый инсандардын таржымалы жазылып турду ошону менен социалдык-экономикалык маданий өзгөрүүлөрдү жаңылыктарды жазып турду.

**Жыйынтык.**

Гезиттеги материалдарга анализ берүүдө жана аны синтездөөдө гезиттерге өзүнчө образдуу жана бир окуянын көп түрдүүлүгү кандайча чагылдырылышы жана маалыматтын келип чыгышы журналисттер үчүн маанилүү. Белгилей кетчү нерсе, газета маалымат берүүдө анын өзгөчөлүгү анын ыкчамдуулугунда, башкача айтканда оперативүүлүгүндө. Мезгилдүү басма сөз же газета мамлекетик идеялогиялык таасир этүүчү курал катары пайдаланууга болот. Ошондуктан расмий эмес, бийликтин төртүнчү бутагы деп атап келишет.

**Адабияттар**


1. Солганик, Г. Я. Стиль хроникальной информации / Г. Я. Солганик // Стилистика газетных жанров / под ред. Д. Э. Розенталя. – Москва : Издательство МГУ, 1981. – С. 11–30.
2. Халилов, А. Д. Кыргызстандын территориясындагы алгачкы гезиттер / А. Д. Халилов. – Бишкек, 2005. – 176 с.
3. Майданова, Л. М. Структура и композиция газетного текста : средства выразительного письма / Л. М. Майданова. – Красноярск : Издательство Красноярского университета, 1987. – 136 с.
4. Районная печать в Киргизии и пути ее развития / ответственный редактор Б. А. Керимбаев. – Фрунзе : Илим, 1970. – 148 с.
5. Костомаров, В. Г. Русский язык на газетной полосе : некоторые особенности языка современной газетной публицистики / В. Г. Костомаров. – Москва : Издательство Московского университета, 1971. – 267 с.
6. Прохоров, Е. П. Введение в теорию журналистики : учебное пособие / Е. П. Прохоров. – Москва : РИП-Холдинг, 1998. – 310 с.
7. Гострова, Е. В. Тенденции в подаче информации в телевизионной информационно-аналитической программе "Намедни" / Е. В. Гострова // Журналистика, реклама, связи с общественностью: новые подходы : материалы научно-практической конференции. – Воронеж, 2000. – С. 60–63.
8. Антонова, С. И. Периодическая печать как исторический источник по истории СССР / С. И. Антонова. – Москва : Издательство МГУ, 1966. – 496 с.
9. Солганик, Г. Я. Язык и стиль средств массовой информации и пропаганды / Г. Я. Солганик, Н. Н. Кохтев, Д. Э. Розенталь [и др.] ; под редакцией Д. Э. Розенталя. – Москва : Издательство МГУ, 1980. – 256 с.
10. Солганик, Г. Я. Стиль хроникальной информации / Г. Я. Солганик // Стилистика газетных жанров / под ред. Д. Э. Розенталя. – Москва : Издательство МГУ, 1981. – С. 11–30.
11. Репкова, Т. Жаңы мезгил: демократиялык коомдо профессионалдык гезит кандайча түзүлүш керек / Т. Репкова. – Бишкек, 2012. – 384 б.